## Редакциялык саясат

Редакцияга макаланын бүткөрүлгөн, кылдат текшерилген, текстин кайра карап чыгууга муктаждыгы жок варианты тапшырылат.

Макаланы жиберүүнүн алдында  автор журналдын редакциясында тексттин оригиналдуулугун аныктап жана плагиаттын жоктугун атайын программанын жардамы менен (мисалы, www.text.ru)  алдын-ала өз алдынча текшерип алуусу керек болот.  Макаладагы тексттин оригиналдуулук үлүшү 80%дан кем болбошу зарыл.

Берилген бардык материалдар редакция тарабынан Антиплагиат платформасында текшерилет. “Илимий журналга макала жарыялоонун жана илимий эмгекте башка эмгектен алынгандыгы  жөнүндөгү Жобого” ылайык тиешелүү маалым кат берилет.

“Кыргыз тили жана адабияты” журналына макала жарыялоонун эрежелерине ылайык **журналдын бир номерине бир автордун эки илимий макаласын жарыялоого макаланын бири авторлош болгон учурда уруксат берилет.**

Журналдын редакциясы **тексттин сапаттуулугуна** өзгөчө көңүл бурат. Кол жазманы карап чыгууда автордун абройуна жана сиңирген эмгегине көңүл бурулбайт, жиберилген макаланын сапаты гана каралат.

Даяр тексттер  К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун редакциялык-басма бөлүмүнө электрондук алып жүрүүчүлөрдө жана кагаз түрүндө тапшырылат. Электрондук жана кагаз түрүндөгү варианттар бири-бирине толук дал келиши зарыл.  Текстте кол жазма жазууларга жол берилбейт.

Журналдын редакциясы макаланын текстин кыскартууга жана редакциялык өзгөртүү киргизүүгө акылуу.